Этнопедагогикалык ишмердүүлүк студенттерди ар улут өкүлдөрүнүн ортосундагы позитивдүү өз ара аракеттенүүгө тартууну, ошондой эле көп маданияттуу билим берүү чөйрөсүндө ар түрдүү маданият өкүлдөрүнүн диалогуна негизделген таанып-билүү ишмердүүлүгүнө катыштырууну билдирет [5, с.141].

Корутунду

Ч. Айтматовдун чыгармалары аркылуу болочок башталгыч класс мугалимдерин этнопедагогикалык жактан даярдоо улуттук тарбиялык баалуулуктарды заманбап педагогикалык билим берүү менен айкалыштыруунун маанилүү багыты болуп саналат. Айтматовдун чыгармаларында камтылган адамгерчилик, эмгекке урмат, мекенчилдик, мугалимдин коомдогу орду, балага болгон сый жана ишеним сыяктуу идеялар болочок мугалимдин кесиптик жана руханий калыптануусунда чоң роль ойнойт. Анын «Биринчи мугалим», «Жамийла», «Саманчынын жолу» сыяктуу чыгармалары мугалимдерди улуттук маданиятты, салт-санааны жана элдик тарбия ыкмаларын окуу-тарбия процессинде натыйжалуу колдонууга багыттайт. Бул чыгармалар аркылуу болочок мугалимдер баланын инсан катары баалуулугун түшүнүүгө, анын чыгармачылык жөндөмүн колдоого жана гуманисттик мамиле түзүүгө үйрөнүшөт.

Ошондой эле Айтматовдун чыгармачылыгы мугалимдерди тарбиялоодо этнопедагогикалык принциптерди улуттук баалуулуктарды сактоо, элдик тажрыйбаны колдонуу жана руханий-адептик тарбияны күчөтүү зарылдыгын баса белгилейт. Бул болсо башталгыч класстын мугалиминин кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатууга өбөлгө түзөт.

Колдонулган адабияттар:

1. *Алиева Ф. Топонимия как предмет этнической памяти в творчестве Ч. Айтматова // Вопросы востоковедения. – 2024. – № 2. – С. 13–24.*
2. *Бокоева Ж. Т. Место национальной культуры в произведениях Ч. Айтматова (на примере повести «Лицом к лицу») // Бюллетень науки и практики. – 2022. – Т. 8, № 6. – С. 774–780.*
3. *Пайзыев Х. Концептуализация гуманистической педагогики в педагогической теории // Символ науки. – 2024. – № 3-2-1. – С. 158–160.*
4. *Сатыбалдиев М. М. Влияние элементов народной педагогики на воспитание подрастающего поколения кыргызстанцев // Вестник ПГГПУ. Серия № 3. Гуманитарные и общественные науки. – 2021. – № 2. – С. 122–126.*
5. *Танхасаева А. С. Формирование этнопедагогической культуры в профессиональной подготовке студента вуза // Вестник БГУ. – 2010. – № 1. – С. 139–142.*

УДК 821.161.1 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.603**

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ УЛАМЫШТАР ЖАНА ТАРЫХЫЙ ФАКТЫЛАР

Мондошов Шамир Насирович - педагогика илимдеринин кандидаты,
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
mondoshov58 mail.ru ORCID: 0009-0008-6310-2801
Осмонов Самарбек Жумабекович - тарых илимдеринин кандидаты,
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
Osmonovs@bk.ru **ORCID: 0009-0005-9444-4669**

ЛЕГЕНДЫ И ИСТОРИЧЕСКИЕ ФАКТЫ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА.

Мондошов Ш. Н. - кандидат педагогических наук,
Ошский государственный педагогический университет

Осмонов С. Ж - кандидат исторических наук,
Ошский государственный педагогический университет
Osmonovs@bk.ru

LEGENDS AND HISTORICAL FACTS IN THE WORKS OF CHINGIZ AITMATOV.

Mondošov, Sh. N. - Candidate of Pedagogical Sciences,
Osh State Pedagogical University, Osh, Kyrgyzstan,
Email: mondoshov58 mail.ru ORCID: 0009-0008-6310-2801,
Osmonov, S. Zh.-Candidate of Historical Sciences,
Osh State Pedagogical University
Osmonovs@bk.ru *ORCID: 0009-0005-9444-4669,*

Аннотация

Бул макалада Ч. Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” романында фольклорду, легенда, уламыштарды жана тарыхый фактыларды пайдаланууудагы чеберчилиги баяндалды. Анткени тарыхый уламыштар белгилүү деңгээлде чыгарманын идеясына салым кошуучу булак катары кеңири колдонулат.

Жазуучу дүйнөгө тараткан “маңкурт” сөзү тарыхта белгилүү болгон жуан-жуандардын мыкаачылык-баскынчылык саясатынын негизинде пайда болгондугун тарыхый окуялардын мисалында далилдеп берген.

Ал эми жужандар тууралуу маалымат Кытай тарыхнаамасында “беш варвар уруулардын доору” (б.з. 304-309-ж.ж.) деп аталган мезгилде болгону, алар Кытайдын түндүгүндө улуу талаада тынымсыз согуш жүргүзүп турганы белгилүү.

Макалада автор уламыштардагы айрым так эместиктерге жол берген. Бирок көркөм адабий чыгарма болгондуктан, мындай кемчиликтер романдын маани-маңызын төмөндөтө албайт.

Ачкыч сөздөр: *легенда, уламыш, миф, тарыхый фактылар, жужандар, фольклор, маңкурт, Эне-Бейит, найман.*

Аннотация

В данной статье анализируется художественное мастерство Чыңгыз Айтматова в использовании фольклорных элементов — легенд, преданий и исторических фактов в романе «И дольше века длится день». Исторические предания рассматриваются как важный источник, способствующий раскрытию идейного содержания произведения.

Введённое писателем в мировую литературу понятие «манкурт» раскрывается как художественное отражение жестокой завоевательной политики, известной в истории. Данный образ поднимает философскую проблему утраты памяти и национального самосознания.

Сведения о жуаньжуань (жужанях) восходят к китайская историография и относятся к периоду, известному как «эпоха пяти варварских племён» (304–309 гг. н.э.), когда они вели постоянные войны на северных территориях Китая.

В статье отмечается наличие некоторых неточностей в передаче легендарных сюжетов. Однако, учитывая художественную природу произведения, данные особенности не снижают его идейно-художественной ценности.

Ключевые слова: *легенда, миф, исторические факты, жуджаны, фольклор, манкурт, Эне-Бейит, найман.*

Abstract

This article describes Ch. Aitmatov's mastery of using folklore, legends, myths and historical facts in his novel "A Day That Will Last a Century". Because historical legends are widely used as a source that contributes to the idea of the work to a certain extent.

The writer uses historical events to prove that the word "mankurt" that he spread to the world arose on the basis of the brutal and aggressive policy of the famous Zhuan-Zhuan in history.

The information about the Zhuzhans, however, is known to have been found in the period known in Chinese historiography as the “era of the five barbarian tribes” (304-309 AD), when they waged constant warfare on the great steppe in northern China.

The author admitted some inaccuracies in the legends in the article. However, since it is a work of fiction, such shortcomings cannot diminish the essence of the novel.

Keywords: *legend, legend, myth, historical facts, jujans, folklore, mankurt, Ene-Beyit, naiman.*

Кыргыз эл жазуучусу, Эл баатыры Чыңгыз Төрөкулович Айтматов кыргыз элин, Кыргызстанды дүйнөгө тааныткан өз чыгармаларында адамзатты түйшөлткөн курч глобалдуу проблемаларга токтолуу менен, элибиздин, жалпы эле түрк элинин, көчмөндөрдүн өтмүшүн чагылдырган тарыхый фактыларга, уламыштарга да көп кайрылган. Алсак, “Биринчи мугалим” повестинде кеңеш доорунун алгачкы жылдарындагы сабатсыздыкты жоюу маселесиндеги татаал кырдаалды, эски заман менен жаңы замандын күрөшүн Дүйшөн менен Алтынайдын образы аркылуу берсе, советтик системанын тоталитардык режим жылдарындагы мыйзамсыздыкты, адилетсиздикти, бийликтин зордугун, ак жеринен саясий репрессиянын курмандыгы болгон инсандардын тагдырын “Кылым карытар бир күн” романында терең чагылдырган. Ал эми “Жамила”, “Саманчынын жолу”, “Бетме-бет”, “Эрте келген турналар” аттуу чыгармаларында элибиздин башына оор апаат алып келген Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы тылдагы карапайым элдин турмушун, оң-терс жактарын, тарыхый фактыларды, тарыхый чындыкты бурмалабай, так, даана берген. Кайсы гана мезгилде болбосун Ч. Айтматов жөнүндө сөз кылсак, жазуучулардын чыгармаларын изилдеген окумуштуулардын илимий иликтөөлөрүндө, кызыгып окуган күйөрмандардын пикирлеринде анын фольклорго, мифтерге, легендаларга, уламыштарга өзгөчө мамиле жасап, өз чыгармаларында чеберчилик менен пайдалана билгендигин байкабай койбойт. Алсак, жазуучу өткөн кылымдын 60-70-жылдарында эле “Жаныбарым, Гүлсары” повестинде “Ботосун жоготкон боз ингендин арманы” менен “Карагул ботомдун” идеялык маанисин айкалыштырып, аны баш каарман Танабайдын бүтүндөй жан дүйнөсүн ачып берүүдө көркөм каражат катары пайдаланды.

Ал эми “Ак кеме” повестиндеги “Бугу Эне” жөнүндөгү жомокту чыгарманын идеясына, өзөгүнө сиңирип, фольклордук мотивди башбагыт маселесине көтөрдү. Ансыз чыгарманын негизги жүгү чечилмек эмес.

Негизинен, Ч. Айтматов 80-90-жылдарда бул ыкманы ого бетер күчөттү. Элдик байлык: фольклор, миф, легендалар анын жекече изденүүсүндө көркөм табылга катары кызмат кылып, чыгармаларынын философиялык-көркөм табитин ачып бере алды.

Албетте, мүмкүнчүлүгүнө жараша, анткени ал доордо, коммунисттик идеологиянын көзөмөлү өтө күчтүү эле. “Ак кеме”, “Кылым карытар бир күн” аттуу чыгармаларында болсо, тээ көөнө тарыхыбызды чагылдырган тарыхый уламыштарды жолуктурабыз. Алар: Бугу эне, Найман эне, Чыңгыз хан (Чыңгыз хандын ак булуту) жана башка жөнүндөгү уламыштар. Бул уламыштар улуу жазуучунун фантазиясы эмес. Уламышта келтирилген окуулар – элибиздин узак тарыхый өнүгүүсүнүн белгилүү бир доорунда жүз берген тарых фактылары, тарых чындыгы. Ушул мааниде алып караганда, улуу жазуучубуздун акыл көрөңгөсү, тарыхый эстутуму чексиз экендигин белгилөөгө болот. Тарыхый уламыштар белгилүү деңгээлде тарыхый булак катары кызмат өтөрү тарыхчы илимпоздор тарабынан далилденген. Жазуучу өзүнүн берген интервьюларынын биринде: “Чыгармага мифти кийирүүнүн кереги бар жана жок экенин жазуучунун ички туйгусу билет. Аны орунсуз эле кийире берсе, миф чыгармадагы негизги идеяга эч тиешеси жок, керексиз бир нерсеге айланат”, - деп айтканы калетсиз чындык. [7; 319-б.]. Албетте тарыхый булактардын мындай түрүнө сын көз менен карап, тактоо, талдоо талап кылынат. Ч. Айтматовдун чыгармаларында келтирилген уламыштарда айрым бир так эместиктерге да жол берилгендигин белгилемекчибиз. Бирок бул так эместиктер жазуучунун чыгармаларынын маани маңызын кыпындай да төмөндөтө албайт жана кечиримдүү. Анткени, алар көркөм адабий чыгармалар.

Биз бул макалабызда жазуучунун “Кылым карытар бир күн” чыгармасында кезиккен Найман эненин уулу маңкурт жөнундөгү уламышка кайрылып, тарыхчынын көзү менен талдоо, тактоо жүргүзүүнү туура көрдүк. Маңкурт – бул өзүнүн ким экендигин билбеген, аны жарык дүйнөгө алып келген ата-энесин да унуткан, эс-тутумун жоготкон, айбандан айырмасы жок адам түспөлүндөгү жан. Эгер “маңкурт” сөзүнүн чыгыш тегин карасак, Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө төмөнкүдөй аныктама берилет: **МАҢ I 1**. Меңдубана. **2.** Нашаа. *Маң тарткандан кейбиреп, мас болгондон кеңгиреп*. **3.** өт. *Келесоо кейбир. Күйөөң жаман жан болсо, Кундө акылың маң болор* (Эл ырлары).

МАҢ II маң-маң Төөнүн салмактуу басыгынын элес туурандысы. *Маң-маң, маң баскан, Чуудаларын чаң баскан* (Эл ырлары).

МАҢ БАШ Эч нерсеге түшүнбөгөн, жеткире ойлонбогон, кем акыл. *Фархаддын бай үңкүрүн табабыз деп далай маң баштар келишкен* (М. Тойбаев).

МАҢ БОЛУУ Эмне кыларын билбей, башы айланган абалда дал болуу, өзүнчө бир чечимге келе албай башы катуу. *Эки айрылыш жолдун кайсынысына түшөрүмдү билбей, маң болуп туруп калдым. (“Ала-Тоо”). Иштерди иштеп, эми эки айры жолдо маң болгон Манапбай салкын тартып Айнагүлдөн алыстоого аргасыз болду* (Сыдыкбеков). Эмне үчүндүр менин оюма эчтеке келбей башым маң болду (Абдукаримов). **В.: Маңги баш болуу.** *Анын ушу калаада калганын, биротоло эле маңги баш болуп кайыр сурап калганын Асылбек угуп жүргөн* (Абакиров). [6; 195-б.].

Аны мындай абалга алып келген мыкаачы баскынчылар – жуан-жуандар же жужандар. Окуя казактын улуу талаасында өтөт. Адам баласына карата ойлоп тапкыс мындай мыкаачылыкты колдонгон Жуан-жуандар ким эле жана бул тарыхый окуялар кайсы доорго таандык?

Эне-Бейит кабырстандын тарыхы өзүнчө. Эл оозуна калган уламанын оролу тээ илгерки **айдар көкүл жуңжаңдар** Сары-Өзөктү басып алып, башка эл менен басташып, колго түшкөн туткундарга түшкө киргис кордук көрсөткөн мезгилден башаталат. Айдар көкүлдөр (“айдар – эркек кишинин төбөсүнө коюлуп, өрүлгөн узун чачы” КТС., I бөлүк, 49-б.) колуна түшкөн туткундарды кээде бу чөлкөмдөн алыска кулчулукка сатып жиберишчү экен. Эртедир-кечтир бир күнү мекенине качып кетер жаш туткундар үчүн кулга сатылышы жакшылык менен барабар болуптур. Адам чыдагыс азапты айдар көкүлдөрдүн колунда калган туткундар тартчу. Аларга шири кийгизип кыйнап, эсин жоготуп салчу экен. Бу шорго көбүнесе согушта колго түшкөн жаш жигиттер малынчу. Оболу жуңжаңдар туткундун чачын бир жолу оң, анан тескери кырып жалтыратат. Ал ортодо нары жакта касапчы жуңжаңдар бир чоң төөнү союп жаткан болот. Оболу төөнүн терисин калың, оор келген моюн терисин сыйрып ала коюп, аны устаралап кырып ийип, анан кеп кылып туткундун жалаң башына кийгизет, азыркы суучулдар кийчү кеп такыядай болуп калат. Моюн тери төрт-беш туткунга шири кеп болуп чыгат. Шир ысык күнгө кургаган сайын кысып, туткундун үнү кудайга жетип, көзү чанагынан чыгып, тартпаган азапты тартат да, өлгөнү өлүп тынат, өлбөй калганы өткөн өмүрүн, ата-тегин такыр эстей алгыс **маңкурт күл болуп кала берет.** [1; 114-б.].

Мына ошондо Наймандан чыккан бир эне гана колго кеткен уулунун тагдырын ойлоп, чыдай албаптыр. Найман-Эне деп эл оозунда улама болуп калган киши - ошол. Сары-Өзөктүн уч-кыйырсыз бардык тарабында Найман-Энени улама кылып ушу бүгүн да эл унутпайт. Тиги кабырстандын Эне-Бейит деп аталып калышы да ошо себептен.

Маңкурт деген эс-акылдан ажыраган бир сөлөкөт: өзү ким, эл-жери кайда, ысымы ким, ата-энеси ким, кайда, качан чоңойгон, - эчтеме эсинде калбайт, эчтемени билбейт, кыскасы өзүн адам элем деп эсептебей калат” [1; 115-б.].

Ушул жерде белгилей кетчү нерсе, айрым санжырачылар (мисалы: комузчу Нурак Абдрахманов) бул уламышты калмактар менен байланыштырат. Биздин пикирибизче, бул туура эмес. Себеби, калмак доору кечээки эле мезгил XVII-XVIII кылымдар. Эгерде бул окуя калмак доорунда болгондо, уламыш эл арасында кеңири сакталып калмак. Андай болгон жок. Бул уламышты Ч. Айтматов көөнө тарыхыбыздын тээ түпкүрүнөн таап чыкты жана уламыштагы окуяларды жуандар доору менен байланыштырат.

Демек, жуан-жуандар, же жужандар деги ким, кайдан чыккан эл? Жужандардын келип чыгышы жөнүндөгү маселе илимпоздор арасында бир нече жолу коюлуп, бирок ушул күнгө чейин жооп табыла элек. Бул жерде тактоочу нерсе, маселе жужандардын этнос катары келип чыгышы жөнүндө эмес, калыптанышы жөнүндө коюлуусу керек. Анткени, жужандардын эл катары бирдиктүү этникалык тамыры болгон эмес. Жужан элинин калыптанышы өзүнчө өзгөчөлүккө ээ.

Кытай тарыхнаамасында “беш варвар урууларынын доору (б.з. 304-309-ж.ж.)” деп аталган мезгилде Кытайдын түндүгүндө орун алган Улуу талаада тынымсыз согуштар жүрүп (тоба хандары менен хуннулар, сяньбилер менен кытайлар), дүрбөлөңдүү кырдаал өкүм сүргөн[3]. Бул дүрбөлөңдүү жылдарда тоба ханы менен хунну шанүйүнүн ордосунан качкандар, ырайымсыз ээлеринен качкан кулдар, армиядан качкан дизертирлер, жакырчылыкка дуушар болгон кыштактан кеткен дыйкандар, кайсы бир күнөөсү үчүн өлүм жазасына өкүм кылынып, бирок бирок кандайдыр бир жол менен качып чыккан кылмышкерлер – баары Улуу талаага келип баш калкалашкан. Аларды чегине жетпеген Улуу талаа өз кучагына тоо-талааларына, токойлоруна жашырган. Бул качкындардын баары башын канжыгага байлаган тобокелчи адамдар эле. Мына ушундай адамдар топ-топко биригишип, талоончулук, каракчылык менен жашоо кечиришкен. Аларды жужаңдар деп атап коюшкан. Жужаңдарды бирдиктүү этникалык тамыры эмес, жалпы тили эмес, дини эмес окшош тагдырлары гана бириктирген. Баштарына түшкөн окшош оор тагдырлар аларды биригүүгө мажбур кылган. IV кылымдын ортолорунда ушундай качкындардын бирикмесин түзгөн жужаңдар V кылымдын башына келгенде Хингандан Алтайга чейинки аймакка үстөмдүк кылган хандыкка, кийинчерээк улуу дөөлөткө, империяга айланган. Атактуу чыгыш таануучу Л. Гумилев белгилегендей, жужандар улуу талаадагы античтик доордун акыркы империясы болгон. Алардын мамлекети тарыхта “каракчылардын мамлекети” деген ат менен да белгилүү[4]. Жужандарда таптакыр жазуу болгон эмес, эсепти болсо койдун коргоолу, же жыгачтагы белгилер менен жүргүзүшкөн. Бирок, жужандар күчтүү армия түзө алышкан. Алардын мыйзамдары катаал, согуш кырдаалына ылайыкташтырылган болгон. Эр жүрөк баатырларды көп олжо менен сыйлашкан, ал эми коркокторду болсо өлөрчө сабашкан. Өзүнүн 200 жылдык тарыхында жужандар ордосунда эч кандай прогрессивдүү жылыш болгон эмес. Алардын болгон күчү коңшу элдерди басып алууга, аларды талап-тоноого, ошолордун эсебинен жашоого кеткен. Жужандардын кайсы тилде сүйлөгөндүгү жөнүндө да илимпоздор арасында ар түрдүү пикирлер өкүм сүрүп келүүдө. Мисалы, байыркы кытай тарыхый булактарынын маалыматтарына таянсак: “Вэйшу” жужандарды дунхулардын (тунгус тилдүү) бир бутагы деп эсептесе, “Суншу”, “Ляншу” жана “Наншу” аларды хунну урууларына (түрк тилдүү) кошот. “Бэйши” болсо, жужандар мамлекетинин негиздөөчүсү болгон Акүйлүүнү (Югюлюй) уйгур деп эсептейт. Лев Гумилев жужандар сяньби тилинде (байыркы монгол тилинин бир диалектиси) сүйлөгөн болуу керек деп божомолдойт[4]. Жужандардын өздөрү да келип чыгуусун тоба эли (монгол тилдүү) менен байланыштыргандыгы белгилүү. Эгерде жужандардын ар түркүн уруулардын кошундусу экендигин эске алсак, мындай пикирдин негизинде тил фактору жаткандыгы көбүрөөк байкалат.

Күч алган мезгилинде жужандар Монголиянын талааларынан батышта Орто Азиядагы эфталиттер хандыгынын чегине чейинки аймакта жашаган элдерди, урууларды баш ийдирип, талап-тоноп, жогоруда белгилегендей, алардын эсебинен жашоо кечиришкен. Басып алынган элдерди биротоло алсыратыш үчүн, алардын этникалык тамырын кыркуу максатында жужандар баш ийген урууларды ата-бабалары байыртадан жашап келген аймактан башка жакка көчүргөн, көчүрүү саясатын жүргүзүшкөн. Мына ушундай саясатка Ашина түрктөрү жана кыргыздар да дуушар болушкан. Ашина түрктөрү Чыгыш Түркестандан Алтайга, ал эми кыргыздар Борбордук Азиядан Энесайга көчүрүлгөн. Мындай саясатты өзүнүн тарыхы, этникалык тамыры жок, түпсүз эл гана жасаганга жөндөмдүү.

Ошондой эле, адам баласынын акылына сыйбаган варварлыктын эң ырайымсыз түрүн, адамдык касиетти кордоонун эң жапайы жолун (туткундарды маңкуртка айлантуу) жужандар сыяктуу түпсүз эл гана ойлоп табууга жөндөмдүү эле.

Улуу жазуучубуздун чыгармасында келтирилген маңкурт жөнүндөгү уламышта айрым бир тарыхый так эместиктерге жол берилген. Ырайымсыз жужандар баласын маңкуртка айланткан Найман эне (демек найман уруусунан) соодагерлерден уулу жөнүндө кабар угуп, аны издеп жөнөөрдө мусулманча келме келтирет. Бул туура эмес. Биринчиден, наймандар ислам динин туткан эмес. Алар христиан-несториан дининде болушкан.

Экинчиден, жуанжуандар доору IV-VI кылымдар. Бул мезгилде ислам дини али жарала элек эле. Бирок, бул так эместиктер, албетте жазуучунун чыгармасынын баалуулугун эч бир төмөндөтпөйт, анткени бул көркөм адабий чыгарма. Анын максаты, милдети башка. Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин, Айтматов 1994-жылы Россиянын “Адабият гезити” басылмасына берген маегинде мындай деп мойнуна алган: “Эгер менин чыгармачылыгымда өзгөчөлүк бар болсо, ал кыргыздын элдик адабиятынан келип чыгат. Мен дээрлик бардык чыгармаларымда “Манас” эпосун, анын ичиндеги мифтерди жана уламыштарды тигил же бул формада колдонуп, аларды синтездөөгө аракет кылдым” [5; 218-б.].

Ал эми адабий чыгармалардагы, уламыштардагы тарыхый фактыларды талдап, тактап тарыхый булак катары илимий максатта пайдалануу – илимпоз-тарыхчылардын милдети.

Тарых илимдеринин доктору, профессор С. Кайыпов Президенттин уңгужол Жарлыгынын маанисин жайылтуу максатында Ош МПУга келгенде төмөнкүдөй баалуу пикирин айткан: “Маңкурт” – бүткүл адамзаттын акыл-эсин башка багытка буруп койгон чоң **модель!** Маңкуртту көп киши жазды, бирок ача алган эмес. Ч. Айтматов ошону ачты да, “маңкурт” деген сөз бүткүл дүйнөгө таркап кетти, которулбай түшүндүрүлөт. Маңкурт болуудан бүткүл дүйнө коркот. Ар бир кыргыз: “Маңкурт болбо!” – деп айтат. Бул идея кыргыздын бүткүл адамзатка берген белеги, анткени ал адамзат тарыхын туура жолго буруп турат”.

Жыйынтыктап айтканда, Ч. Айтматов кайсы гана чыгармасын жазбасын, сөзсүз түрдө “Манас” эпосунан баштап, элдик оозеки чыгармачылыктын мыкты үлгүлөрүн, тарыхый фактыларды, миф, легенда, уламыштарды айтуучу идеянын өзөгүн чечүү үчүн чеберчилик менен пайдалана билген.

Пайдаланылган адабияттар:

1. *Айтматов Ч. III том. – Ф., 1983. 113-115-б.б.*
2. *Аристов Н. А. Усуни и кыргызы или кара-кыргызы. –Б., 2001*
3. *Бартольд В. В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. –Б., 1997*
4. *Гумилев Л. Н. Древние тюрки. – М., 1993*
5. *“Адабият гезити”. Айтматов менен маек. Россия, - Москва. 1994.*
6. *Кыргыз тилинин сөздүгү. – Б., 2011. 195-б.*
7. *Үкүбаева. Ч. Айтматов жана кыргыз адабияты. – Б., 2012.*

УДК: 37.036:821.512.154

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДОГУ БАЛАЛЫКТЫН ЭТНОМАДАНИЙ БЕЙНЕСИН АЧУУДА КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ИШТЕРДИ УЮШТУРУУ

Наркеева А.А. ОшМПУ, улук окутуучу
ORCID: 0009-0002-1084-8841 akylainarkeeva5@gmail.com

ОРГАНИЗАЦИЯ ВНЕКЛАССНОЙ РАБОТЫ ПО РАСКРЫТИЮ ЭТНОКУЛЬТУРНОГО ОБРАЗА ДЕТСТВА В ТВОРЧЕСТВЕ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА

Наркеева А.А. Старший преподаватель ОшГПУ
ORCID: 0009-0002-1084-8841, akylainarkeeva5@gmail.com